***DOI:10.26104/NNTIK.2023.68.22.022***

*Момунова Г.А., Самиева Ж.Т., Бурканова К.*

# МӨМӨ БАКТАРЫНЫН ЗЫЯНКЕЧТЕРИ ЖАНА АЛАР МЕНЕН КҮРӨШҮҮ ЫКМАЛАРЫ

*Момунова Г.А., Самиева Ж.Т., Бурканова К.*

# ВРЕДИТЕЛИ ПЛОДОВЫХ ДЕРЕВЬЕВ И МЕТОДЫ БОРЬБЫ С НИМИ

*G. Momunova, Zh. Samieva, K. Burkanova*

# PESTS OF FRUIT TREES AND METHODS OF COMBATING THEM

УДК: 57

*Азыркы учурда мөмө бактарына зыянкечтер чоң зыян келтирүүдө. Мөмө бактарга зыян келтирген 22 зыянкеч аныкталып, алардын түрдүк курамы такталды. Булардын айрымдары ыңгайлуу шарттар түзүлгөн учурда эгебейсиз көбөйүшүп, бактардын мөмөлөрүн, сөңгөктөрүн, тамырларын, бутактарын жана жалбырактарын жабыркатышат. Бактарда түрдүн сандык көрсөткүчүнө, биологиялык өзгөчөлүгүнө, зыян келтирүүсүнө жана жабыркатуу мүнөзүнө жараша төмөнкүдөй иш чараларды жүргүзүүгө болот: 1) агротехникалык; 2) физико-механикалык; 3) биологиялык ыкмалар. Акыркы жылдары зыянкечтер менен күрөшүүдө негизинен биологиялык ыкмаларды колдонууга көп көңүл бурулууда. Зыянкечтер менен күрөшүүнүн химиялык ыкмасы акыркы жылдары өз күчүн жогото баштады. Себеби кайсы бир зыянкеч менен күрөшүү учурунда жаратылышта жүздөгөн жана миңдеген пайдалуу курт-кумурскалар кошо жок болуп жатат. Ал гана эмес, алар менен тамактанган канаттуулар ж.б. жандыктар да кошо ууланып, саны азаюуда.*

***Негизги сөздөр:*** *мөмө, бак, зыянкеч, күрөшүү ыкмалары, агротехникалык, физико-механикалык, биологиялык.*

*В настоящее время большой вред плодовым деревьям наносят вредители. Выявлено 22 вредителя, повреждающих плодовые деревья, и определен их видовой состав. Некоторые из них при благоприятных условиях обильно размножаются и повреждают плоды, стволы, корни, ветки и листья деревьев. В садах в зависимости от количества видов, биологических особенностей, вредоносности и характера повреждений можно проводить следующие мероприятия: 1) агротехнические; 2) физико-механические; 3) биологические методы. В последние годы большое внимание уделяется использованию в борьбе с вредителями преимущественно биологических методов. Химические методы борьбы с вредителями в последние годы утратили свою эффективность. Это связано с тем, что в ходе борьбы с тем или иным вредителем в природе также исчезают сотни и тысячи полезных насекомых. Не только это, но и птицы, которые ими питаются, и т. д. животные также отравлены и их количество уменьшается.*

***Ключевые слова:*** *плоды, деревья, вредители, методы борьбы, агротехнические, физико-механические, биологические.*

*Currently, pests cause great harm to fruit trees. 22 pests damaging fruit trees were identified and their species composition was determined. Some of them, under favorable conditions, multiply abundantly and damage the fruits, trunks, roots, branches and leaves of trees. In gardens, depending on the number of species, biological characteristics, harmfulness and nature of damage, the following activities can be carried out: 1) agrotechnical; 2) physical and mechanical; 3) biological methods. In recent years, much attention has been paid to the use of predominantly biological methods in pest control. Chemical methods of pest control have lost their effectiveness in recent years. This is due to the fact that in the course of the fight against this or that pest, hundreds and thousands of beneficial insects also disappear in nature. Not only that, but the birds that feed on them, etc., the animals are also poisoned and their numbers are decreasing.*

***Key words:*** *fruits, trees, pests, methods of struggle, agrotechnical, physical-mechanical, biological.*

Мөмөлүү бактардан жогорку мол түшүм алууда негизинен аларды зыянкечтерден коргоо болуп саналат.

Бүткүл өстүрүлүп жаткан мөмө өсүмдүктөрү ар түрдүү зыянкечтерден жана илдеттерден жабыркап келет. Зыянкечтердин жана илдеттердин таасиринен мөмө бактарынын түшүмдүүлүгү 30% кээ бир учурларда 90% чейин төмөндөйт. Кыргызстан боюнча мөмө бактарынын зыянкечтеринин 300дөн ашуун түрлөрү катталган.

**Изилдөөнүн обьектиси жана методу.** Зыянкечтердин биологиясы, экологиясы жалпы колдонулучу усулдарынын негизинде изилденип каралып чыкты.

Мөмө бактарына зыян келтирген 22 зыянкеч аныкталып- жубайсыз жибек көпөлөгү (*Lymantria dispar* L.), өрүк пил мурун (*Phynchites auratus* Scop.), өрүкчүл жоон сан (*Enrytoma samsonowi* Was), алма жашыл бити (*Aphis pom*i Deg), алманын шайтан көпөлөгү (Carpocapsa pomonella L.), капчыктуу күбө (*Coleophpra hemerobiella* Scop), акация калканчыгы (*Parthenolecanium corni* Bouche), жалбырак түргүчтөр (Tortricidae L.), алардын кээ бирлеринин зыяндуулугу жогору болуп эсептелет: жубайсыз жибек көпөлөгү *(Lymantria dispar L.)*, жалбырак түргүчтөр (Tortricidae L), алма жашыл бити (*Aphis pomi* Deg), капчыктуу күбө (*Coleophpra hemerobiella* Scop), алманын гүлүчүл шиш тумшук (*Anthonomus pomorum* L).

Баткен аймагында мөмө бактарынын негизги зыянкечтеринин түрдүк курамын 22 курт-кумурсканын түрү (*Insecta*) түздү, алар 5 отрядка жана 14 түркүмгө тийиштүү (1-табл.).

*Таблица 1*

**Мөмө бактарынын зыянкечтеринин түрдүк курамы**

| Класс | Курт-кумурскалар | Insecta |
|---|---|---|
| Отряд | **Кабырчык канатуулар** | ***Lepidoptera*** |
| Түркүм | **Үкү көпөлөктөр** | ***Noctuidae*** |
| Түр | Өрүктүн үкүчөсү | *Cosmia subtilis* Stgr. |
| Түркүм | **Капчыктуулар** | ***Coleophoridae*** |
| Түр | Капчыктуу күбө | *Coleophora hemerobiolla Fil.* |
| Түр | Мөмөнүн капчыктуу күбөсү | *Coleophora hemerobiella* Hb. |
| Түркүм | **Пиллачылар** | ***Lasiocampidae*** |
| Түр | Тоолуу муунактуу пилачы- | *Malacosoma parallela.* |
| Түркүм | **Жалбырак түргүчтөр** | ***Tortricidae*** |
| Түр | Жалбырак түргүчтөр | *Tortricidae* L. |
| Түр | Розандык жалбырак түргүчтөр | *Archips rosana* L. |
| Түр | Кара өрүкчүл шайтан көпөлөк | *Grapholitha funebrana* Tr. |
| Түр | Алманын шайтан көпөлөгү | *Laspeyresia pomonella L.* |
| Түркүм | **Сөөмчүлөр** | ***Geometridae*** |
| Түр | Тыттын сөөмчүсү | *Apocheima cinerarius* Ersch |
| Түр | Өрүкчүл сөөмчү | *Pterocera- armeniacae* Djar. |
| Түр | Кайсама сөөмчү | *Erannis defoliaria* Cl. |
| Түркүм | **Ыргалмалар** | ***Lymantriidae*** |
| Түр | Жубайсыз жибек көпөлөгү | *Lymantria dispar* L. |
| Түркүм | **Арысчыл күбөлөр** | ***Yponomeutidae*** |
| Түр | Мөмө күбөсү | *Yponomeuta padellus* L. |
| Түркүм | **Оюк канаттуулар** | *Gelechiidae* |
| Түр | Жалбырак вертуньясы | *Recurvaria nanella* Hb. |
| Отряд | **Жаргак канаттуулар** | ***Hymenoptera*** |
| Түркүм | **Жоон сандуулар** | ***Eurytomidae*** |
| Түр | Кара өрүкчүл жоон сан | *Eurytoma schreineri* Schr. |
| Түр | Өрүкчүл жоон сан | *Eurytoma samsonovi* Vass. |
| Отряд | **Катуу канатуулар** | ***Coleoptera*** |
| Түркүм | **Түтүкчүлөр** | ***Attelabidae*** |
| Түр | Өрүкчүл пил тумшук | *Rhynchites auratus ferghanensis* News. |
| Түркүм | **Алтынчыктар** | ***Buprestidae*** |
| Түр | Алты точкалуу өрүкчүл алтынчык | *Chrysobothris affinis nevskyi* Richt. |
| Отряд | Тең канаттуулар | *Homoptera* |
| Түркүм | **Жалган калканчыктар** | ***Coccidae*** |
| Түр | Акация жалган калканчыгы | *Parthenolecanium corni* Bouche |
| Түр | Кара өрүк жалган калканчыгы | *Sphaerolecanium prunastri* Fonsc. |
| Түркүм | **Биттер** | ***Aphididae*** |
| Түр | Алманын жашыл бити | *Aphis pomi Deg.* |
| Отряд | **Жарым каттуу канаттуулар** | ***Hemiptera*** |
| Түркүм | **Канталалар** | ***Aradidae*** |
| Түр | Алмурутчул кантала | *Stephanitis pyri* F. |

Булардын айрымдары ыңгайлуу шарттар түзүлгөн учурда эгебейсиз көбөйүшүп, бактардын мөмөлөрүн, сөңгөктөрүн, жалбырак, бутак, тамыр бөлүктөрүнө зыянга учуратышат.

Бактардын жалбырактарына зыян келтирүүчү зыянкечтер (кабырчык канаттуулар) башка курт кумурскаларга караганда көбүрөөк зыян келтирет. Мөмө бак өсүмдүктөрүнүн жалбырак бөлүгүнө жубайсыз жибек көпөлөк *(Lymantria dispar L.)*, жалбырак түргүчтөр (Tortricidae L), алма жашыл бити (*Aphis pomi* Deg), капчыктуу күбө (*Coleophpra hemerobiella* Scop) ж.б.

Бул курт-кумурскалардын жашоосу мөмө жана сөңгөк зыянкечтеринен айырмаланып ачык асман астында өтөт. Бул зыянкечтер абиотикалык факторлорго жана канаттуулардын курмандыгына чалдыгып келишет. Массалык көбөйгөндө өсүмдүккө өтө чоң зыян келтиришет.

**Күрөшүү ыкмасы**. Зыянкечтер менен күрөшүүдө биологиялык, химиялык, механикалык усулдарды колдонууга болот. Мөмө бактардан жогорку сапаттагы көп түшүм алуу үчүн аларды илдеттерден жана зыянкечтерден  арылтуу керек.

Мөмө бактардын зыянкечтери менен күрөшүүнүн бир канча жолдору бар. Азыркы учурда курт-кумурскалар менен күрөшүүдө органикалык, биологиялык ыкмаларды колдонуу адамдын ден-соолугуна зыяндуулугу аз болуп саналат. Ал эми химиялык ыкманын зыяндуулугу жок кылуучу зыянкечтерден башка курт-кумурскаларды да жок кылып келет. Натыйжада тең салмактуулук бузулат.

Бактарда түрдүн сандык көрсөткүчүнө, биологиялык өзгөчөлүгүнө, зыян келтирүүсүнө жана жабыркатуу мүнөзүнө жараша биологиялык, физико-механикалык, агротехникалык иш чараларды жүргүзүүнү сунуштайбыз. Агротехникалык: курт-кумурскалардын көбөйүүсүнүн, бактардын туруктуу өсүүсүнө арналат. Буларга төмөнкүлөр кирет: бак өстүрүүчү жерди туура аныктап алуу жана топурагын өз тез-тез жумшартып туруу менен анын структурасы жакшырат, натыйжада топурактын үстүө чыккан зыянкечтерди, канаттуулар жеп жок кылышат. Отоо чөптөрдөн тазаланылат.

Бактын аралыгын туура отургузуу, көчөттөрдүн сортторун туура тандоо, бактарга малдарды киргизбөө керек. Малдардан көбүнчө дарактар механикалык жабыр тартышат.

Жалбырактарды кемирүүчү зынкечтердин массалык көбөйүүсүнө алдын алуу. Дарактардын кургап калган бутактарынан арылуу. Сөңгөк зыянкечтерин тазалап өрттөө. Дарактагы жаракаларды жана жараат-тарды шыбап, кебез менен ороо.

Бак дарактардагы зыянкечтерди бир нерсенин жардамында же кол менен механикалык жок кылуу бул – физико-механикалык ыкма болуп эсептелет.

Бактын мөмө зыянкечтери менен күрөшүүдө, жерге түшкөн мөмөлөр чогултулуп өрттөлөт.

Жубайсыз жибек көпөлөгүнүн жумурткаларын жок кылууда керосинди пайдаланса болот. Бакта түшүмдү жыйнап алгандан кийин баштап эрте жазга чейин жүргүзсө болот. Көрсөтүлгөн ушул эле мөөнөттөрдө жумурткаларын дарактардан кырып алып, терең казылган жерге көмүү керек.

Бактагы зыянкечтерди тирүү организмдерди колдонуп коргоо ыкмасы бул биологиялык ыкма болуп саналат. Зыянкечтер менен күрөшүүдө тирүү организмдер өздөрү колдонулат, б.а. мите жана жырткыч энтомофагдар, микробиологиялык препараттар ж.б. Бул ыкма адамдарга, жаныбарларга жана айлана-чөйрөгө зыяндуулугу жок.

**Жыйынтык.** Макалада мөмө бактарынын зыянкечтери жана күрөшүүнүн жолдору каралды. Акыркы мезгилде зыянкечтерден арылуунун биологиялык жолун колдонуу, жаратылышты коргоодо жана таза мөмө-жемиштерди алууда эң мыкты ыкма болуп калды.

**Адабияттар:**

1. Бараканова Н. Мөмө дарактарынын зыянкечтери жана илдеттери менен күрөшүү чаралары. - Б., 2004. - 36 б.
2. Бенкевич В.И. Массовые появления непарного шелкопряда в Европейской части СССР. - М.: Наука, 1984. - 142 с.
3. Корчагин В.Н. Защита растений от вредителей и болезней на садово огородном участке. - М.: Агропромиздат, 1987. – 317 с.
4. Поляков И.Я. Прогноз появления и учет вредителей и болезней сельскохозяйственных культур. - Москва: МСХ СССР, 1958. - С. 632.
5. Палии В.Ф. Методика изучения фауны и фенологии насекомых. - Воронеж: Центрально-черноземное книжное изд-во, 1970. - С. 190.
6. Фасулати К.К. Полевое изучение наземных беспозвоночных. –- Москва, Высшая школа, 1971. - С. 424.
7. Кожанчиков И.В. Методы исследования экологии насекомых. – Москва, Высшая школа, 1961. – 286 с.
8. Момунова Г.А. Баткен шартындагы өрүктүн негизги зыянкечтери жана алар менен күрөшүү боюнча иш чаралар. / Наука образование техника. ОшКУУ, №1. - 2015. - С. 99-103.
9. Момунова Г.А. Основные вредители плодовых садов юга Кыргызстана. / Территория науки. - 2016. - №6. - С. 48-51.
10. Момунова Г.А. Исследование видового состава и распространения вредителей плодовых садов юга Кыргызстана. / Nova Info.ru.2017. Т. 6. - №58. - С. 81-84.
11. Сырдыбаева А.С., Заводчикова Р.Е., Кадырова Б.К. Вредители облепихи крушиновидной hippophae rhamnoides l. (elaeagnaceae) в некоторых районах Кыргызстана. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 12. С. 23-26.